DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2019

*Иманкулова С.Э.*

# СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗҮН-ӨЗҮ РЕАЛИЗАЦИЯЛООСУНУН АКТУАЛДУУ ПРОБЛЕМАЛАРЫ

*Иманкулова С.Э.*

# АКТУАЛЬНЫЕ ПРОБЛЕМЫ САМОРЕАЛИЗАЦИИ СТУДЕНТОВ

*S.E. Imankulova*

# CURRENT PROBLEMS OF SELF-REALIZATION OF STUDENTS

*УДК: 374.1*

*Азыркы заманбап дүйнөдө студенттердин инсанынын өзүн-өзү реализациялоо проблемасына болгон кызыгуу биринчи учурда коомдун экономикалык кызыгууларынын негизинде болуп жатат. Азыркы этапта биринчи планда “мурдагыга караганда кесиптик жана инсандык жактан маанилүүрөөк бийиктикке жетүүгө” жана активдүү жашоонун позицияларын тандоого түрткү болгон социалдык мабилдүүлүктүн көбөюшү жана интенсивдүү болушуна түрткү болгон инсандын кесиптик өзүн-өзү реализациялоосу турат. Заманбап жаштар – кыргыз коомунун маанилүү интеллектуалдык, маданий жана кесиптик резерви, алардын жашоосунун сапатынан жана өнүгүшүнөн биздин мамлекетибиздин келечеги көз каранды. Студенттер күчтүү социомаданий потенциалды алып жүрүү менен коомдун стабилдүүлүгүнө керек болгон социалдык инновацияга баруунун жол көрсөтүүчүсү болот. Ошондуктан, жождун педагогикалык жамааты өзүнүн окуу-тарбиялоо ишмердүүлүгүндө инсандын өнүгүүшүнө максаттуу оптималдуу шарттарды түзүүгө багытталган тарбиялоонун ыраттуу түзүлгөн концепциясын колдонууда. Өзүн-өзү реализациялоо чет өлкөдөгү жана ата мекендик окумуштуулардын изилдөө предмети болгон, алар биринчилерден болуп өзүн-өзү реализациялоо проблемасын методологиялык деңгээлде карап баштоо менен, белгиленген проблеманы андан ары изилдөөгө керектүү болгон теориялык-методологиялык маалыматтарды калтырышкан.*

***Негизги сөздөр: студент, инсан, адам,*** *өзүн-өзү реализациялоо, өзүн-өзү өнүктүрүү, өзүн-өзү актуалдаштыруу, билим берүү, кесип, окуу процесси, жогорку окуу жайы.*

*В современном мире интерес к проблеме самореализации личности студента обусловлен в первую очередь экономическими интересами общества. На данном этапе первый план занимает именно профессиональная самореализация личности, способствующая достижению «более значительных, чем раньше, профессиональных и личностных высот», увеличению и интенсификации социальной мобильности, побуждающей к выбору активных жизненных стратегий. Современная молодежь – важнейший интеллектуальный, культурный и профессиональный резерв кыргызского общества, от качества жизни и развития которого зависит судьба нашей страны. Именно студенчество, обладая мощным социокультурным потенциалом, может выступать в качестве проводника социальных инноваций, необходимых для стабилизации общества. Именно поэтому педагогический коллектив вуза в основе своей учебно-воспитательной деятельности использует концепцию системного построения процесса воспитания, предполагающую целенаправленное создание оптимальных условий для развития личности. В статье рассматривается актуальные проблемы самореализации молодежи в процессе вузовского обучения на современном этапе.*

***Ключевые слова:*** *студент, личность, человек, самореализация, саморазвитие, самоактуализация, образование, профессия, учебный процесс, высшее учебное заведение.*

*In the modern world, interest in the problem of self-actualization of a student’s personality is primarily due to the economic interests of society. At this stage, it is the professional self-realization of the individual that is taking the foreground, contributing to the achievement of “more significant than before professional and personal heights”, an increase and intensification of social mobility, encouraging the choice of active life strategies. Modern youth is the most important intellectual, cultural and professional reserve of the Kyrgyz society, the fate of our country depends on the quality of life and the development of which. It is the students, possessing a powerful socio-cultural potential, can act as a conductor of social innovations necessary for the stabilization of society. That is why the pedagogical staff of the university at the heart of its teaching and educational activities uses the concept of system building the process of education, which involves the purposeful creation of optimal conditions for personal development. Self-realization, one way or another, was the subject of research by both foreign and domestic scientists, who first began to consider the problem of self-realization at the methodological level, creating the necessary theoretical and methodological prerequisites for further research on this problem.*

***Key words:*** *student, person, people, self-realization, self-development, self-actualization, education, occupation, educational process, university.*

Өзүн-өзү реализациялоого болгон суроо-талап – инсандын суроо-талаптарынын негизгилеринен бо-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



луп саналат. Ал дүйнөнү чыгармачылык жактан өзгөртүүгө багытталган, адамдын инсандык-маанилүү активдүүлүгүнүн булактарынын бири болуп саналат.

Өзүн-өзү реализациялоо – бир гана акт болуп саналбайт, ал инсандын күчүнүн жана жөндөмдүүлүгүнүн толук бойдон ачуу максатында ички карама-каршылыктарды дайыма жеңүүчү процесс болуп саналат.

Гумандуу педагогикада жана психологияда ар бир адамдын толук бойдон өзүн-өзү реализациялоосу жашоосунун маңызы болуп саналат. Толук бойдон өзүн-өзү реализациялоо деп өзүнүн жөндөмдүүлүгүнүн максималдуу ийгиликтүү өнүктүрүшү, шыктарынын, зээндүүлүгүнүн ачылышына социалдык шарттарды колдонушу, ошону менен бирге жакындарына, өзү жашаган коомго, адамдардын цивилизациясына келтирген болжолдуу пайдасынын айтсак болот.

Өзүн-өзү реализациялоонун негизинде адамдын инсандык масштабын, дүйнөнүн материалдык жана рухий баалуулуктарын байытууга болгон чыныгы салымынын жыйынтыгын аныктоочу жеке жөндөмдүүлүк, билим, билгичтик, көндүм, адептик жана дүйнөгө болгон көз караштарынын сапаттары кирет.

Өзүн-өзү реализациялоо проблемасы, инсандын проблемаларындай эле көптөн бери изилденип келүүдө жана философиялык изденүүлөрдүн дайыма каралуучу төмөнкү идеяларын түзүп келет: жаратылыштын эң жогорку жараткан жандыгы катары адамдын маңызын түшүнүү, анын жаратылыш жана коом менен болгон биргелешүүсүнүн жолдорун изилдөө, анын болумушунун терең сапаттарына сүңгүп кирүү.

Ата Мекендик философиядагы өзүн-өзү реализациялоо феноменине болгон ар кандай жолдор жөнүндө сөз кылууда, аларды бириктирген төмөнкү түйүндүү учурларын белгилесек болот:

– биринчиден, өзүн-өзү реализациялоо түшүнүгүн аныктоодо түйүндүү түшүнүктөрүнүн бири катары инсан түшүнүгү кирет;

– экинчиден, негизгилерден болуп, маңыздуу күчтөрүн предметтештирүү (практикалык жактан ишке ашыруу) түшүнүгү эсептелет.

Биздин оюбузча, адам өзүн тиги же бул социалдык ишмердүүлүк процессинде өзүн-өзү реализациялай алат.

– үчүнчүдөн, өзүнүн ишмердүүлүгү, инсандын өзү тарабынан ишмердүүлүгүндө инициатива көтөрүшүндө гана өзүн-өзү реализациялоо ишке ашат.

Ошондуктан, “инсандын өзүн-өзү реализациялоосу” – көп аспектүү түшүнүк, ал окумуштуулар тарабынан суроо-талап, форма, максат жана жыйынтык процесстери катары каралат. Белгилүү өзүн-өзү реализациялоо теорияларынын бири катары гуманисттик концепциялар эсептелинет.

Өзүн-өзү реализациялоо феномени татаал дисциплина аралык байланышы бар мүнөздө болот. Ал педагогдорду, социологдорду, философдорду, психологдорду, социалдык жумушчуларды, медиктерди жана адам менен байланышкан башка маанилүү илимдерди кызыктырат.

Инсандын өзүн-өзү реализациялоо проблемасы психологиялык-педагогикалык изилдөө проблемаларында маанилүү ролду ойнойт жана анын көптөгөн өзгөчөлүктөрү жана закон ченемдүүлүктөрү предметтер аралык билимдерди колдонуу аркылуу ачылат.

Педагогикалык сөздүктө “инсандын өзүн-өзү реализациялоо” түшүнүгү инсандын жеке жана кесиптик мүмкүнчүлүктөрүнүн толук бойдон ачылышы эсептелинет [1], ал эми социологиялык сөздүктө “өзүн-өзү реализациялоо” түшүнүгү индивид тарабынан ишмердүүлүктүн бардык сферасында инсандык жөндөмдүүлүктөрдүн пайда болушу жана өнүгүшү саналат [2].

Ошентип, өзүн-өзү реализациялоо ишмердүүлүк менен дайыма байланышта, анда баалуулуктар бекитилип, инсандык жөндөмдүүлүктөр жана кесиптик мүмкүнчүлүктөр өсүүгө суроо-талап ишке ашып, өнүгүп, өркүндөйт.

Заманбап педагогика жана психологияда студенттин инсанына арналган илимий иштер чоң көлөмдү ээлейт, алардын ичинде өзүн-өзү реализациялоо боюнча изилдөөлөр да маанилүү орунга ээ.

А.Адлердин, В.Андрееванын, Р.Бернсдин, В.П.Выготскийдин, У.Джеймсдин, Л.Когандын, А.Н.Леонтьевдин, М. Маслоунун, А.В. Мудриктин, К.Роджерсдин, С.Л. Рубинштейндин, В. Сластениндин ж.б.лардын эмгектеринде инсандын өнүгүшүндө өзүн-өзү реализациялоо процессинин маанилүүлүгү баса белгиленен.

Бул изилдөөлөрдө студенттердин өзүн-өзү реализациялоосунун негизги түшүнүктөрү, негизги механизмдери жана маңызы ачылып берилген, бул проблеманы андан ары изилдөө боюнча негизги алып баруучу багыттар жана ар түрдүү аспектилерди талдоолор берилген [3].

Инсандын өзүн-өзү реализациялоо идеясы гуманисттик психологияда пайда болгон, анын негизги постулаттары катары төмөнкү далилдерди эсептесек болот:

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



1) адам, бир бүтүн жандык катары өзүнүн түзүмдөрүнүн суммасынан өтүп кетет: анын ар бир жеке кубулуштарын изилдөө менен аны бүтүн бойдон түшүнүүгө мүмкүн эмес;

2) адамдык болумуш адамдык мамилелердин контекстинен түзүлөт: адам анын кубулуштары, өз ара тажрыйбасын эсепке албаганда теория жактан түшүндүрүп берүүгө болбойт;

3) адам өзүн-өзү түшүнөт, ал эми үзгүлтүксүз, көп кабаттуу аң-сезимди эске албаган илим тарабынан түшүндүрүп берүүгө мүмкүн эмес;

4) адам сырткы детерминациядан белгилүү бир деңгээлде эркиндикке ээ: адам өзүнүн жашоо процессине пассивдүү байкоочу эмес жана ал белгилүү бир тандоого ээ, ал өзүнүн тандоосуна башчы болуп, маанилүү нерселердин жана баалуулуктардын негизинде өзүнүн тажрыйбасын өзү курат;

5) адам үзгүлтүксүз өнүгүүгө жана өзүн-өзү реализациялоо мүмкүнчүлүктөрүнө ээ, ал анын жаратылышынын бир бөлүгүн түзөт [4].

Адамдын жумуштагы, достуктагы жана сүйүүдөгү максатка жетүүсү жашоону толук бойдон жашап өтүшүнө түрткү берет. А.Адлер ар бир адамга уникалдуу “жашоо стили” жана “жашоо планы” концепцияны негиздеп, гуманисттик психологиядагы инсандын өзүн-өзү реализациялоо идеяларынан бир топ жагынан белгилүү болгон.

Психолог Р.Р. Ишмухаметов инсандын өзүн-өзү реализациялоосун аныктоочу катары ишмердүүлүктүн ой жүгүртүү, когнитивдик аспектиси, теориялык ишмердүүлүктүн ички планда иштөөсү деп белгилеген. Өзүн-өзү реализациялоо, “Мен концепциясынын” дүйнөнүн көрүнүшүн жана жашоо планынын түзүлүшүндө жана оңдоп-түзөө, кайра курууда”, мурдагы ишмердүүлүктөрүнүн жыйынтыктарын аңдоодо (өткөндүн концепциясын калыптандырууда) пайда болот.

Инсандын өзүн-өзү реализациялоо өзгөчөлүгүнө жараша иштелип чыккан теориялык модель өзүн-өзү реализациялоону регулациялоочу төмөнкү механизмдерди өзүнө камтыйт: мотивациялык-маанилик (ой жүгүртүүнүн жогорулашын мүнөздөйт) жана инсандык-ситуациялык (ан-сезимге күчтүк багытталган таасирдин, жашоо ишмердүүлүгүн регуляциялоого байланыштуулугу, өзүн-өзү реализациялоого багытталган ситуацияны өзгөртүү жөндөмүн чагылдыруусу).

Өзүн-өзү реализациялоонун маанилүү детерминанты катары негизги мотивдер жана маңыздар эсептелинет, алар менен адам өзүн-өзү реализациялоо процессинде башкаруучу болот. Мотивде өткөндүн тажрыйбасын колдонуу менен келечектин ан-сезимдүү чагылдырылышы орунга ээ. Ал түрткүберүүчү, багыттоочу жана стимулдук функцияны ишке ашырат [5].

Мотивациялык-маанилик механизм инсандык өзүн-өзү реализациялоого белгилүү бир таасир тийгизет. Өтө күчтүү мотивациялык билимдерге баалуулуктар жана талаптар кирет. Мотивациялык-маанилик механизм туура келген билимдерди активдештирүүнү болжолдойт. Бул жогорку деңгээлде мотивдердин маңыздуулугунун жогорулашы менен мүнөздөлөт. Ал эми төмөнкү деңгээлине жөнөкөй мотивдер – суроо-талаптар, жана төмөнкү аң сезимдүүлүк мүнөздүү.

Инсандык өзүн-өзү реализациялоо процесси эң негизгиси өзүнүн негизинде жалпы психологиялык механизмдерди регуляциялоочу мотивациялык-маанилик механизмдер аркылуу, ичинен сырткы чөйрөгө багытталаарын жана ишке ашаарын түшүнүү маанилүү.

Ошондуктан, «мотивациялык-маанилик жана инсандык-ситуациялык механизмдер өзүн-өзү реализациялоо потенциалынын өсүүсүнө жана төмөндөшүнө түздөн-түз таасир берип турат» [6].

Л.Н. Коган өзүн-өзү реализациялоо инсандын күчүнүн маңызын ар түрдүү социалдык ишмердүүлүгүндө практикалык жактан ишке ашыруу жана аңсезимдүү жана максаттуу ачып берүү деп аныктама берген.

Ошону менен, азыркы учурда теориялык көз караштa болжолдоп караганда адам жандыгында алдыга болгон кыймылдын тенденциясы же өнүгүүгө болгон суроо-талап, жалпылап айтканда өзүн-өзү реализациялоо, башкача айтканда инсандын бардык жана ар бир суб-аспектилеринин өнүгүшүн айтсак болот.

Заманбап социалдык-гуманитардык билимде инсандын өзүн-өзү реализациялоо проблемасын талдоонун үч деңгээлин бөлүп карасак болот. Жалпы философиялык деңгээлде адамдын маңызы, өзүн-өзү реализациялоо процессинин мааниси тууралуу суроолору каралат. Бул деңгээлдин объектиси болуп жандык катары адам жана жалпы адамзаты эсептелет.

Психологиялык деңгээлде конкреттүү инсандык сапаттар жана сырткы шарттар талдоого алынат, булар инсандын продуктивдүү өзүн-өзү реализациялоосуна шарт түзөт, өзүн-өзү реализациялоонун

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



мотивациялык негизи жана өзүн-өзү реализациялоонун инсанга жана ишмердүүлүгүнө объективдүү жана субъективдүү эффективдүүлүгүнүн кайтарым тийгизген таасири изилденет (анын өзүн-өзү баалоосу, тартибинин деңгээли, психологиялык жаш курагы, жашоо жолунун картинасы, дүйнөгө болгон көз карашы ж.б.). Бул деңгээлде каралуучу объект катары ар бир индивид анын башка индивиддер менен, жалпы коом менен мамилеси жана байланышы эсептелет. Өзүн-өзү реализациялоо үч аспектте каралат: суроо-талап катары, ишмердүүлүк жана ушул ишмердүүлүктүн объективдүү жана субъективдүү жыйынтыгы катары.

Инсандын кесиптик өнүгүшү Ата Мекендик педагогика жана психология илимдеринде адамдын онтогенездик өнүгүүсүнө, анын инсандык сапаттарына, жөндөмдүүлүктүн жана кызыгууларынын ролуна жана ордуна, эмгектин субъектисинин калыптанышына, жашоо жолунун жана өзүн-өзү аныктоосуна, адамга кесиптин талаптарынын берилиши, ар түрдүү мектептердеги жана багыттардагы кесиптик аң-сезимдин жана өздүк сезимдин калыптанышына байланыштуу изилденет.

Ошондуктан, бүгүнкү күнү инсандын билимдүүлүгү – бул коомдо өзүн жана тандаган кесипте бекемдеп, адекваттуу түрдө жаратылыштан арналган жана социалдык суроо-талапка ылайык өзүнүн ордун таап, өздүк изилдөөгө жана өзү-өзүнүн күчүн өнүктүрүүгө болгон жөндөмдүүлүк.

**Адабияттар:**


1. Галажинский Э.В. Инсандын өзүн-өзү реализациялоосунун системдүү детерминациясы. - Барнаул, 2002.
2. Ермакова Н.А. Университетте окуп жаткан учурда инсандын өзүн-өзү реализациялоо проблемалары / Н. А. Ермакова, И. Н. Емельянова // Университеттик башкаруу: практика жана талдоо. - 2008. №1 . - 76-81-бб.
3. Коджаспирова Г.М., Коджаспиров А.Ю. Педагогикалык сөздүк. - М., 2003
4. Коростылева Л.А. Адам жөнүндөгү илим системасында инсандын өзүн-өзү реализациялоо проблемалары // Инсандын өзүн-өзү реализациялоонун психологиялык проблемалары. - СПб, 2001.
5. Кравченко А. И. Социология: Сөздүк: Студ. үчүн окуу мет.курал. - М.: Академия, 1997.
6. Никифоров Г.С, Коростылева Л.А. Инсандын өзүн-өзү реализациялоонун психологиялык проблемалары. №5. Чыг. – СПб., 2001. - 232 б.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Пак С.Н.**